13-ЖОЛУ ӨТҮҮЧҮ БИРИНЧИ МУГАЛИМ СЫНАГЫНЫН ЭКИНЧИ ТУРУНУН ТАПШЫРМАЛАРЫ

2-турдун катышуучулары чүчүкулак боюнча 3 тапшырманын ар биринен бирден вариантын алат

№1 ТАПШЫРМА

Төмөндө сиздин окуучу айткандардын алты вариант бар. Сиздин комментарийлер ага жооп болуп саналат. Жооп берүүгө 2 мүнөт бөлүнөт.

№1 Мен улуу агаларымды сыйлайм. Алар кээде урушат, мен да урушам. Эмне үчүн мага болбойт?
№2 Биз үй-бүлөбүз менен баарыбыз чогуу бир кино көрдүк. Ал жакта адамдар жаман сөз айтып урушту. Аягында алар баарын куткарып калышты, анткени алар жакшы адамдар эле. Эмне үчүн мага жаман сөз айтып урушканга болбойт?
№3 Эгерде балдар мени элдин көзүнчө жаман сөз айтып сөксө, эмне үчүн мен унчукпай калышым керек? Мен да аларды жаман сөз менен сөгөм!
№4 Мен чоңойдум, мен да башка балдардай, досторумдай болуп сүйлөйм! Эмне үчүн мен энесинин эрке баласындай болушум керек?
№5 Балдар мени кыздардай алсыз, назик сүйлөйсүң деп шылдыңдашат. Мени балдар андай шылдыңдашын каалабайм! Мен күчтүү болгум келет жана мени эч ким шылдыңдап күлбөгүдөй сүйлөгүм келет!
№6 Мен жүз жолу жаман сөз айтып сүйлөп жүрөм, андан эч кандай жаман нерсе болгон жок! Тескерисинче, баары мени угуп калат!

№2 ТАПШЫРМА

Ата-энелер Сизге кеңеш сурап кайрылды. Жооп берүүгө 3 мүнөт бөлүнөт.

№1 Биздин балабыз сөгүнөт, биз аны урушуп, жазалагандан кийин андай адепсиз сөздөр биздин эмоциябызды пайда кылаарын түшүнүп алып, эми мурдагыдан да көп пайдалана баштады. Кандай кылсак болот?
№2 Биздин коңшубуздун балдары жаман сөздөрдү угуза айткандан уялбай көп колдонушат, биздин балабыз болсо, ал балдар менен ойногусу келет. Биз ал балдардын ата-энеси менен сүйлөшкөнгө аракет кылып көрдүк, тилекке каршы, алардан деле ошондой эле жаман сөздөрдү уктук. Эмне кылсак болот?
№3 Биздин улуу балабыз модалуу музыкаларды угат, рэп жакшы көрөт, ал жакта популярдуу аткаруучулар нормага сыйбаган лексиканы колдонот. Биз ага тыюу салууга аракеттенип көрдүк, бирок ал таарынып, бизди артта калгансыңар, досторумду ата-энелери уруксаат беришет деп таарынат. Кандай кылсак болот?
№4 Биздин балабыз жаман сөздөрдү колдоно баштады. Тыюу салсак, класста баары эле ошондой сүйлөйт, мен да алардан өзгөчөлөнбөй, ошол балдардай болгум келет деп жооп берет. Биз эмне кылышыбыз керек?
№5 Чоң эне небереси адепсиз сөздөрдү айтып жатканын, баланын ата-энеси эмгек мигранты катары алыста жүргөнүн айтып даттанды. Чоң энесинин же чоң атасынын эскертүүсүнө “Мени ата-энем гана урушуп тарбиялай алат” деп жооп берген. Кандай кылсак болот?
№6 Биздин кызыбыз китеп окуганды абдан сүйөт, өзү өтө адептүү, кичи пейил, дайыма улуулар, өзү теңдүүлөр менен үзбөй учурашат, сүйлөгөндө “рахмат”, “ыраазымын”, “эч нерсе эмес” деген сыйктуу сылык сөздөрдү айтат. Ал үчүн башка балдар аны шылдыңдашса, капа болуп келет. Кандай кылсак болот?

№3 ТАПШЫРМА

Сиз бир нерсе кылуу керек болгон кырдаалга туш болдуңуз. Өзүңүздүн аракеттериңизди сүрөттөп бериңиз. Тапшырманы аткарууга 3 мүнөт бөлүнөт.

№1 Чоң кишилер сиздин окуучуларыңыздын көзүнчө адепсиз сөздөрдү айтууга жол беришкен. Ал адамдар сиздин эскертүүңүздү туура кабыл аларына көзүңүз жетпейт. Сиз кандай кыласыз? №2. Сиздин окуучуңуз башка балдар менен урушкан учурда жаман сөз айтып сөгүнгөнү үчүн ага эскертүү жасадыңыз. Ал баланын апасы бул тууралуу билип калып, сизди башка балдарды колдоп жатат деп айыптай баштады, анын ою боюнча, ал балдар уулун биринчи таарынткан. Сиздин аракеттериңиз кандай болмокчу?

№3 Сиздин колуңузга бир нече окуучу башка бир окуучуну шылдыңдап, уятсыз ат менен атап жаткан видео келип түштү дейли. Сиз жабыр тарткан окуучуга болушкуңуз келет, бирок аны ушакчы деп айыптап, ого бетер таарынтат деп чоочулайсыз. Кандай кыласыз?

№4 Спорттук оюн учурунда балдар талаша башташты; талаш-тартыш мушташка айланып, оюнчулардын бири адепсиз сөздөрдү айтып кыйкырган. Муну укkан мугалим кийлигишүүгө аракет кылганда, талашып-тартышып жаткан окуучу мугалимди сөгүп жиберди. Бул учурда эмне кылуу керек?

№5 Сабактан кийин балдар планшеттин (же телефондун) бетине үйүлүп калды, сиз алар уят сөздөр колдонулган кандайдыр бир көрсөтүүнү көрүп жатышканын байкадыңыз. Эмне кыласыз?

№6 Ата-энелер чогулушунда маанилүү теманы талкуулоодо ата-энелердин бири уят сөздөрдү колдонот. Ошол эле сөздөрдү ал үйүндө да колдонуларын түшүнөсүз. Кандай кыласыз?